КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТИРЛИГИ

И. РАЗЗАКОВ атындагы
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
ТЕХНИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
им. И. РАЗЗАКОВА

# Б У Й Р У К
# П Р И К А З

24 апрель 2024 № 110

Бишкек ш.
г.Бишкек

«2023-24-окуу жылынын күндүзгү жана сырттан окуу формасындагы студенттери үчүн жазгы семестрдин экзамендик сессиясын уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө»

2023-24-окуу жылынын жазгы сынактык сессиясын натыйжалуу уюштуруу жана өткөрүү максатында **буйрук берем:**

1. Күндүзгү жана сырттан окуу формаларындагы студенттер үчүн жазгы семестрдин сынактык сессиясы "И.Раззаков атындагы КМТУда сынактык сессияны өткөрүү жөнүндө" Жобого (2019-ж.) жана 2023-24-окуу жылынын Академиялык календарына ылайык көрсөтүлгөн мезгилдерде **off line форматында** уюштурулуп өткөрүлсүн:

**Бакалавриат / Адистик:**

- **күндүзгү окуу формасы** - 2024-ж. 13-майынан тартып 24-майына чейин *(чек ара көзөмөлү – 2024-ж. 29-апрелинен тартып 11-майына чейин);*
- **сырттан окуу формасы** - 2024-ж. 13-майынан тартып 31-майына чейин.

**Магистратура:**

- **күндүзгү окуу формасы** - 2024-ж. 13-майынан тартып 24-майына чейин *(чек ара көзөмөлү – 2024-ж. 29-апрелинен тартып 11-майына чейин);*
- **сырттан окуу формасы** - 2024-ж. 27-майынан тартып 14-июнуна чейин.

**PhD-докторантура:**

- **күндүзгү окуу формасы** - 2024-ж. 17-июнунан тартып 28-июнуна чейин.

2. Институттардын жана жогорку мектептеринин директорлору төмөндөгү иш-чараларды аткаруну камсыздашсын:

- сынактык сессиясын уюштуруу жана өткөрүү үчүн жоопкерчиликти, сынакты алуу эрежелерин так сактоону, ишенип берилген түзүмдүк бөлүмдө терс көрүнүштөрдү болтурбоо;
- студенттердин сынакка катышуусуна жана сынактык сессиянын Жобосуна ылайык окуу тобунун сынакка катышуу баракчасынын пайдаланылышына катуу көзөмөл жүргүзүү;
- окуу программаларын аткаруусун, окуу сабактарына катышуусун жана контрактын төлөнүшүн эске алуу менен студенттерди сынактык сессияга киргизүү тартибин жеке көзөмөлгө алуу;
- консультациялардын жана сынактардын графигин түзүү, аны белгиленген тартипте бекитүү, студенттерге маалымдоо жана анын аткарылышын көзөмөлдөөнү камсыз кылуу;
- сынак тапшырган күндөн тартып 3 күндүн ичинде университеттин маалыматтык системасына сынактык ведомостторду түзүү тартибин так сактоо жана тийиштүү каттоодон өткөрүү менен директоратка тапшыруу жөнүндө кафедра башчыларына жана бардык окутуучуларга маалымдоо;

- **"FX" жана "I"** баллдарын алган студенттерге кайра тапшыруу тартиби жөнүндө маалымат берүү жана сабактарды кайрадан тапшыруу жана балл топтоо графигин иштеп чыгуу жана бекитүү:
  - **күндүзгү формасы (бакалавриат, адистик, магистратура)** - 2024-ж. 27-майына чейин;
  - **сырттан окуу формасы (бакалавриат, адистик)** - 2024-ж. 3-июнуна чейин;
  - **сырттан окуу формасы (магистратура)** - 2024-ж. 17-июнуна чейин.
- жазгы семестрдин сынактык сессиясынын жүрүшүн көзөмөлдөө, талдоо жана келип чыккан чыр-чатактарды тез арада чечүү максатында институттун жана жогорку мектептин директорунан (директордун орун басарынан), окуу-усулдук кеңештин мүчөсүнөн, кафедра башчыларынан турган институттук комиссияларды түзүү; бул комиссиялар мугалимдер тарабынан сынактарды тапшыруунун эрежелери бузулган учурда административдик чара көрүү үчүн документтерди тез арада карап чыгууга жана даярдоого милдеттүү;
- сынактык сессиясы аяктагандан кийин эки жумалык мөөнөттө белгиленген №8 формадагы сынактык сессиянын жыйынтыктары жөнүндө маалымкатты окуу башкармалыгына тапшыруу (Г.Ж. Алыбаева).

3. Кафедра башчылары төмөндөгү иш-чараларды аткарууну камсыздашсын:

- сынактык сессияны өткөрүүнүн тартибин жана профессордук – окутуучулар курамынын жоопкерчилигин, ошондой эле сынактарды алуунун эрежелерин жана алардын так аткарылышын;
- сынактан кийин окуу тобундагы студенттердин сынакка катышуу баракчасын дирекцияга тапшыруу боюнча окутуучулардын жоопкерчилигин;
- сынактарды кабыл алууда келише албастык кырдаал жаралганда, аны ыкчам чечүү үчүн профессордук-окутуучулар курамынын иш орундарында милдеттүү түрдө саат 9.00ден 16.00гө чейин болушун;
- сынактык сессияны өткөрүү жана академиялык карыздарды жоюу мезгилинде кафедранын бардык окутуучулары үчүн калтырылган сабактарды кошумча кабыл алуу, курстук долбоорлорду (иштерди) кабыл алуу ж.б.у.с. үчүн кафедранын графигин түзүү;
- студенттердин билимин баалоодо, мугалимдер тарабынан субъективдүү факторлорду болтурбоо максатында, комиссия менен экзамен алуу (2 адам);
- графиктен тышкаркы сынактарды жокко чыгаруу;
- **жайкы практика аяктагандан кийин, бир жуманын ичинде студенттердин отчетторун кабыл алуу жана жыйынтыктоочу контролду AVN MC баракчасына киргизүү керек.**

4. Тарбия иштери боюнча департаменти:

- студенттик кеңеш менен бирдикте сынактык сессиянын жүрүшүнө туруктуу мониторинг жүргүзүү;
- университеттин Коррупцияга каршы күрөшүү комиссиясынын жүргүзүлгөн жыйынтыгы боюнча Ректордун кеңешине билдирүү.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө академиялык иштери боюнча проректор Э.И.Сырымбековага жүктөлсүн.

Ректор М.К. Чыныбаев

МАКУЛДАШЫЛДЫ:
АИ боюнча проректор Э.И.Сырымбекова

Окуу башкармалыгынын башчысы К.М. Дыканалиев